


Аксакалдан ак бата

# Алтын колуң эч убакта талыбасын

## (Хирург Залина КАРИМОВАга)

**Эмгек ардагери Мелис Мусаев Бишкек шаарындагы Улуттук госпиталдын №2 көздүн микро хирургиясы бөлүмүнүн жалпы жамаатына, анын ичинде көзүнө операция жасаган хирург Залина Каримовага арнап көлөмдүү ыр түрмөктөрүн жазып келиптир. Баарын бере албасак дагы акын аксакалдын жаш хирург Залина Каримовага берген ак батасын "Кыргыз Туусунун" окурмандарына сунуш кылып, келечектүү жаш дарыгерибизге ийгиликтерди каалайбыз.**

Ак батада эл берген касиет бар,
Адамдын багын ачып, жолго салар.
Башынан келе жаткан ырасым бул,
Бата алгандар дайыма бакыт табар.

Көрбөй калган көзүмдү ачып берген,
Көз доктур Залинага берем бата.
Адамдарды арылткан сокурлуктан,
Анан дагы, ал иштеген жамаатына.

Залина Каримова, айланайын,
Алтын колуң эч убакта талыбасын,
Адамдарга жакшылыгын дагы уласын.
Аман болуп, элиңе кызмат кылгын,
Ата-энең сени тапкан карыбасын.

Узун өмүр, ден-соолугуң бекем болуп,
Өлкөбүздүн эли менен жашоо оңолсун.
Эл батасын эгерим кур койбогон,
Теңирибиз батабызды тез колдосун.

Мелис МУСАЕВ, ардагер

Кубанычтуу кабар

# КТМУда заманбап медициналык факультет курулат

**Өткөн аптада Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиев менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору Алпаслан Жейландын жолугушуусу болду. Аталган университетте өз клиникасына ээ болгон медициналык факультеттин курулушу башталганы жатат. Курулуш иштерин эртерээк баштоо үчүн Кыргызстан менен Түркиянын Өкмөттөр аралык комиссиясы түзүлмөкчү.**

Комиссиянын ишинин жыйынтыгы менен университеттин камкорчулар кеңеши имараттын сметалык баасын бекитип, курулуш иштери үчүн керектүү каражаттарды бөлүүгө тийиш. Ал эми университеттин администрациясы курулуш талап кылган бардык жумуштарды уюштуруу милдетин алып жатат. "Бул Европанын медициналык билим берүү үлгүсүндөгү эң алдыңкы технологиялар менен жабдылган ден соолук борбору болууга тийиш. Ал өзүнүн клиникасына, лабораторияларына ээ болгон Кыргызстандагы алгачкы медициналык жогорку окуу жайы курулат деп үмүттөнүп жатабыз", – деди ректор, профессор Алпаслан Жейлан.

Жолугушууда министр А.Бейшеналиев университеттин окуу процессинин даярдыгын көрүп чыкты. Корпустардын, ден соолук борборунда курулуп жаткан коронавируcту тастыктоочу лабораториянын жана университеттин жалпы лабораторияларынын абалы менен таанышты. Министр менен ректор медициналык билим берүү жана лабораториялык-диагностикалык кызмат көрсөтүүдөгү эки тараптуу кызматташууну талкуулашты. КТМУнун жетекчилиги аталган министрликке дары-дармек түрүндө гуманитардык жардам берди.

Белгилей кетсек, 2018-жылы Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган Кыргызстанга расмий иш сапары менен келгенде КТМУнун медициналык факультети үчүн курула турган имараттын пайдубалына капсула салууга катышкан.

Жакынкы арада жарандарды бул жердеги ден соолук борборунун базасында орнотулган ПЦР-анализден өткөрүүнү баштоо пландаштырылып жатат. Бүгүнкү күндө анда лабораториялык жабдыктар орнотулуп жаткандыгы маалым болду. Калктын социалдык жактан аялуу бөлүгүн ПЦР-анализден өткөрүүнүн тартиби Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыгышы күтүлүүдө.

Айзат ТАЛАСБАЕВА,
Медиа Манас





Өлгөндөр баркталмайын, тирүүлөр даңкталбайт

# Молдо Ниязды эскерүү

**Кыргыз жазма поэзиясынын баштоочусу залкар акын Молдо Нияз Эрназар уулун эскерүү кечеси Кадамжай районунда болуп өттү. Бул иш-чара "Молдо Нияз мурастары" коомдук фондунун демилгеси менен уюштурулду. Ага Бишкек, Ош, Кызыл-Кыя менен Баткен шаарларынан чакырылышкан адабиятчылар, акындын чыгармачылыгын изилдөөчүлөр, коомдук ишмерлер, Баткен облсундагы кыргыз өкмөтүнүн өкүлчүлүгүнүн, Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын, жергиликтүү айрым айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрү катышышты.**

Эскерүү зыяпатында залкар акындын чыгармачылыгынын изилдениши, анын санаттарынын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун демилгеси жана талыкпай эмгектенген илимий кызматкер, адабиятчы, Омор Соороновдун үлкөн аракети менен Молдо Нияздын ырлары "Залкар акындар", "Эл адабияты", "Кыргыз адабиятынын тарыхы" жана "Кыргыздар" сериясынан өзүнүн татыктуу ордун алганы белгиленди. Анын чыгармачылыгы Ош, Ысык-Көл мамлекеттик университеттериндеги, Улуттук илимдер академиясындагы окумуштуулар тарабынан изилденип алты кандидаттык диссертация жакталды. Молдокемдин чыгармачылыгы тууралуу окуу китептеринде маалыматтар бериле баштады. Залкардын өмүр жолу тууралуу китеп жазылууда.

Молдо Нияз 1823-жылы Кадамжайдын Кара-Дабан деген жеринде жарык дүйнөгө келип, болжол менен 1900-жылы дүйнөдөн кайтып, сөөгү Шаймердендеги көрүстөнгө коюлган. Ак-Кыя айылындагы үңкүрдө ал XIX кылымдын орто ченинен тартып молдо Айдар, молдо Эрмек, молдо Кабыл, молдо Имарали деген ислам динин жайылткан инсандарды окуткан. Молдокем агартуучулук менен бирге өзүнүн санаттарын жыйнап, мукабалап чакан китептерди даярдап эл арасына таркаткан. Ошол мезгилде, өтө татаал кыйчалыш учурда азыркы Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Кытай мамлекеттеринин бир бөлүгүн дервиш сымал кыдырып, Маргалан менен Кокондогу, Кашгар менен Кара тегиндеги медреселерден илим алып ичкиликке аван созуп, философиялык көз карашын жайылткан. Көптөгөн тарыхый урунттуу окуяларга күбө болуу менен бирге аларды жеке көз карашында калыс чагылдырган. Акындын Даткайым, Курманжан датка, деги эле аялзаты тууралуу лирикалык ырлары элдик ашыглык ырларынын деңгээлинде тарын баса белгилей кетели. Энциклопедист тарыхчы жана саякатчы катары Анжиян көтөрүлүшү, Ташкендин алдындагы падышалык орус аскерлери менен кокондуктардын салгылашы тууралуу ырларын тарыхчылар өз оруну менен ылайыктуу пайдаланышса оң болор эле.

Айтмат Исраилов жетектеген "Молдо Нияздын урпактары" деген коомдук уюмдун мүчөлөрү болушкан жаштар акындын чыгармаларын окуп жайылтууга катуу белсенип жатышат. Молдо Нияздын үңкүрү оңдолуп, ал жашаган там иретке келтирилип, багы тосулуп, сөөгү турган мазарга өзбек достордун колдоосу менен таш белгилер коюлуп, Кызыл-Булак айылына чоң эстелиги орнотулганы турат. Анын татыктуу алып жүргөн мектеп-гимназиядагы музейи улам жаңы экспонаттар менен толукталып келет.

Эскерүү кечесинде залкардын 2023-жылы белгиленчү 200 жылдык маарекеси республикалык жана эл аралык деңгээлде өткөрүлүп, республикалык телеканалдардан даректүү фильм көрсөтүлүп, илимий конференциялар уюштурулса деген сунуштар айтылды. Калайыктын колдоп-кубаттоосу менен Көтөрмө айыл өкмөтүнүн аталышын Молдо Нияз атындагы айыл өкмөтү деп которуу сунушталды.

Адылжан ЖАЖАНОВ, Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү